**Мустафа КАЛКАН**

## XIV–XV ккда КЫРГЫЗ–КАЗАК ЭТНИКАЛЫК ТҮЗҮЛҮШҮНДӨ МОГОЛ КОМПОНЕНТЕРИНИН АНТРОПОМЕТРИКАЛЫК ИЗДЕРИ

XIV кылымдагы саясий окуялар Орто Азиядагы айрым калктуу борборлордун кулашына, өз мезгилинде чоң шаарларга айланган соода борборлорунун жер которуусуна себеп болгон. Маданият тарыхы алкагында карап көрсөк социалдык жашоого таасирин тийгизген ири жоготууга кириптер кылган басып алуучулук кыймылдар, маданий байлыктардын талкаланышы жана тарыхый эстеликтердин кыйрашы менен эле чектелип калган эмес. Цивилизациялардын жер менен жексен болушунда маданий жоготуулардан тышкары этникалык жактан да терс таасирин тийгизип, көптөгөн калктардын бири бирине аралашуусуна түрткү болгон. Чыгыштан келген көчмөндөр аскердик күчүн колдонуу менен жергиликтүү калктардын бирдигине таасир тийгизип, аларды бөлүндүрүүнү пландагандыгы байкалат. Максаттуу түрдө бөлүп—жарып, жергиликтүү калктарды ар кайсы аймакка жайгаштырышкан. Ассимиляция болуусу үчүн иш чаралар турмушка ашырылган.

Көчмөн басып алуучулардын аскердик жактан үстөмдүк кылганына карабастан отурукташкан калктардын калкынын санынын көптүгү аларды өздөрүнө синирип алууга шарт түзгөн. Жергиликтүү калкка сиңип кетүү коркунучу эң алдыңкы планда болгондугу үчүн аларды бөлүп жарууга аракеттери көрүлгөн. Бул аракеттер көптөгөн басып алууларда ишке ашырылган. Жергиликтүү калктарды күч менен жер которууга мажбурлап, башка аймактарга сүрүп чыгарышкан[1]. Монгол баскынчылары да аскердик күчкө таянып башкарышкан бул аймактардагы калктарды бири биринен ажыратып, биригүүлөрүнө жол берген эмес. Мындай мамиле монголдорго эле тийиштүү эмес. Атилла хундары да (батыш хундарда) жогорудагыдай сасясат жүргүзүшүп, Европа калктарына чоң зыян келтиришкен[2]. Бул окуялар жергиликтүү калктардын социалдык—экономикалык абалына эле таасир тийгизбестен этникалык абалына да таасир тийгизген. Ар кайсы аймактарга сүрүлгөн жергиликтүү калк кайра өз аймактарына кайтып келишсе да жергиликтүү калктар менен биригип, уюмдашууларына мүмкүнчүлүк берилген эмес.

Бардык чабаларга карабастан баскынчылар басып алган жерлерине жайгашып, ал жерге бийлигин толук орнотууга аракет кылса да акырындык менен жергиликтүү калктын каада салтын кабыл алышып ассимиляцияга учурай баштаган. Монголдор сыяктуу кыпчактар да аскердик күчтөрү менен Европанын чет жакаларына чейин барып, славяндардын социалдык жашоолоруна таасир бергенине карабастан жергиликтүү калкка сиңип жок болуп кетишин жогоркуга мисал катары алсак болот[3]. Баскынчылык аракеттердин натыйжасында алардын ээлеген жерлерден куулушу, экономикалык жоготуулар жана маданий зыяндардан тышкары кээ бир өзгөрүүлөрдүн калктын жашоосуна тийгизген таасирин унутпообуз зарыл. Бул жоготуулар материалдык жактан эле эмес, этникалык тамырдагы социалдык өзгөрүүлөр жылдар өткөн соң гана ордуна келет. Бул этникалык жоготуу XIV жана XV кылымдарга туш келет. Монголдордун

1 Kalkan M. Orta Asya Türk Devletlerinde Ordu ve Savaş Stratejileri, İzmir, 1995, s. 171-172.

2 Atabinen R. S. Doğu Avrupa'nın Uygarlığına ve Yerleşmesine Türklerin Katkıları, İstanbul, 1981, s. 56.

3 Лубсан Данзан. Алтан тобчи (Золотое сказание). Перевод с монгольского, введение, комментарний и приложения Н. П. Шастиной. М., 1973.—С. 228.

жашаган жерлеринде үстөмдүгүн орнотуулары, ички кагылыштардын натыйжасында биримдик куруп мамлекет абалына келиши XIII кылымдын аягына туш келет. Аскердик жактан жайылуу кыймылы XIV кылымдан башталып, башка аймактарга да үстөмдүгүн жаюу максатында улуу императордуктардын жолун жолдогондору көрүнүп турат.

Жогоруда айтылган саясий ыкманын монголдор тарабынан колдонулушу алардын таасирдүү өзгөчөлүгү болгон. Анткени монголдор чабуулдарда талап—тоноо жана жеңишти негиз катары алышкан. Күчтүү мамлекетке айлануу, социалдык түзүлүш, бай экономика, салык системасы, почта түзүлүшү сыяктуу иштерге алгач кызыгышкан эмес[4]. Монголдор өздөрүнө дагы цивилизациялуу мамлекеттерди караткан мезгилде отурукташкан калктарды кантип башкаруу керек экендигин акырындык менен үйрөнүүгө мажбур болушкан. Бул саясатта тажрыйбасы бар уйгурлардан да жардам алышкан. Монголдор ушул мезгилден баштап отурукташкан калктар үчүн коркунуч туудура башташкан. Тарыхтагы каракытайлар сымал аскердик басып алуучу катарында эле болбостон ээлеген жерлеринде кандай саясат жүргүзүү бийликти сактоо боюнча план иштеп чыгышкан. Ээлеген жерлеринде жергиликтүү калктардын жер которууга мажбурлап, этникалык жактан ассимиляцияга учуратуу аракеттерин жүргүзүп, демографиялык саясатты турмушка ашырууга аракеттенишкен.

Басып алуучулук саясатын баштаган мезгилде эң башта Енисей аймагында жашаган, аскердик күчкө ээ болгон жана монголдордун батышка карай жүрүшүндө эң алгачкылардан болгон кыргыздарга маани беришкен. Казактар жашаган аймактардагы саясий жактан бирдик түзө албаган калктарды оңой олтоң бийлиги астына ала алган. Бул аймактагы калктардын биригүүсүн алдын алуу чаралары көрүлгөн. Монголдор кыргыздарга чабуул жасаган мезгилде алар баш ийбөө үчүн түштүк Сибирдеги калктар менен союз курууну туура көрүшкөн. Бул абалы монголдордун кыргыздарга кол салуусуна түрткөн жана алгачкы кол салууда кыргыздар союздаштары менен кошо аларга оор зыян калтырган[5]. Экинчи жолу кайрадан монголдор кыргыздарга кол салып, алардын аскердик күчүнүн бир бөлүгүн өлтүрүп, калган бөлүгүн туткунга алган. Аларды бир жерден экинчи жерге журт котортуп, дагы бир жолу каршы чыгууларына мүмкүндүк берген эмес.

Монголдор кол салган мезгилде Енисей, Алтайдагы кыргыздар Теңир—Тоолорго (Талас, Ысык—Көл, Нарын, Кочкор) жана уйгурлар жашаган аймактарга, түндүктүн эң алыс жерлеринде, Манчурияга жана Кытайдын түндүгүнө сүрүлүшкөн. Бул чабалары кыргыздарды майдалай алган эмес, ошон үчүн монголдор өздөрүнүн арасына кыргыздарды уруу жана үй—бүлө абалында майдалап жайгаштырган. Бир бөлүгүн болсо монгол армиясында алдыңкы бирдик катары колдонушкан. Узак жылдар бою чогуу жашоодон улам монгол уруулары менен кыргыз уруулары аралашкан. Монголдор бул аймактарда калуунун жолдорун издешкен. Каракытайлардын кол салуусу менен[6] Караханий мамлекети кулап, Теңир—Тоонун этникалык абалына монгол калкы таасирин тийгизе баштаган. Калк саны жагынан кыргыздар басымдуулук кылганына карабай калктын бир гана бөлүгү Теңир—Тоодо болгондуктан алар да этникалык жактан ассимиляция боло

---

[4] Д'оссон К. От Чингизхана до Тамерлана. Алматы, 1996.—С. 185.

[5] Рашид ад-Дин. Сборник л□тописей. Історія Монголовь. ТВОИАО. Спб., 1858.- Ч. V.- С. 130.

[6] Cüveynî Alaaddin Ata Melik, Tarih-i Cihan Güşa (Terc: Mürsel Öztürk), Ankara, 1998, s. 305.

баштаган[7]. Кыргыздар Енисейде жашаган мезгилде башка калктар менен жуурулушуу болгон эмес.

Этникалык жактан аралашуу мезгилинде монгол физиономиясына таандык антропометрикалык түзүлүш басымдуулук кыла баштаган. Бул абалды археологиялык казуулардын натыйжасында (Енисей жана Теңир—Тоолордогу) көрө алабыз. Азыркы мезгилде монгол физиономиясына эң жакын болгондор буряттар жана тувалыктар болуп саналат. Советтер Союзунун мезгилиндеги илимпоздордун изилдөөлөрүнө ылайык монгол тибиндеги калктар ичинен кыргыздар Түштүк Сибир тибиндеги топко киргизилет. Монголдор болсо батыш Азия тобунун ичиндеги Орто Азия тибине кирет. Бул типке киргендердин негизги өзгөчөлүктөрү: көзү, чачы кара, тик чачтуу, эчки сакал, кең бет түзүлүшү басымдуулук кыла баштаган. Бул абалды археологиялык казуулардын натыйжасында (Енисей жана Теңир—Тоолордогу) көрө алабыз. Аларда АВО жана О менен В кан группалары басымдуулук кылат[8]. Алар кыргыздардын физиономиялык түзүлүшү менен кошо О (А), (В) группаларын камтыйт. Мындай кан группаларынын болушу монголдор менен тууган, жакын экенин (краниологиялык) көрсөтүп турат.

Кыргыздар антропологиялык жактан монгол тибинин 68—69% ин түзөт. Кээ бир илимпоздордун оюу боюнча 85—90%ти түзөт[9]. Демек кыргыздар антропологиялык жактан ассимиляцияга дуушар болушкан. Этникалык жактан да таасир берген. Бул болсо кыргыздардагы тектүү урууларды жокко чыгарууга тете деген түшүнүктү берет. Бул этникалык ассимиляция бардык кыргыздарды ичине камтыбайт. Енисей кыргыздарын антропометрикалык жактан изилдөө жогорку пикирден айырмаланган натыйжаны берет[10]. Бирок бул тема терең изилденгенде кыргыздар Енисей, Алтайдан көчкөндөн кийин ал аймакта калган бөлүгү этникалык жана физиономиялык жактан монголдордун таасири астында калгандыктары байкалат. Антропологдор археологиялык маалыматтардын негизинде байыркы сөөк түзүлүштөрү менен азыркы сөөк түзүлүштөрүн салыштырып алардын дене түзүлүшүндөгү өзгөчөлүктөрдү иликтешкен. VIII—IV жана XVII—XVIII кылымдарга таандык антропометрикалык өлчөмдөрдүн бири биринен айырмаланып тургандыгы байкалат. Бул жерде этникалык абалдын ар кандай тарыхый жагдайлардан улам өзгөрүүлөргө дуушар болгон деген жыйынтыкка барууга болот.

Монгол компоненттеринин кыргыздарга тийгизген тассиринин күчтүү болушу монголдорго чейин каракытай, калмактардын физиономиялык таасирлеирнен башталганын эстен чыгарбоо зарыл. Бул өзгөрүүлөрдүн бара бара калктын этникалык түзүлүшүнө да таасир тийгизгендиги тууралуу пикирди колдоочу илимпоздордун арасында Абрамзон да бар. Анын оюу боюнча Теңир—Тоодогу кыргыздардын социалдык түзүлүшүнө таасир эткен этникалык факторлорго төмөнкүлөр кирет: 1.) Кыргыздардын этникалык калыптануу доорлору. Чыгыш Теңир—Тоолор, Теңир—Тоо аймагы жана Памир—Алайга жакын тоолуу аймактарын (Алтай, Иртыш бойлору жана Чыгыш Түркстан) өз ичине камтыйт. 2.) XIV—XVI кылымдарда Теңир—Тоодо калыптанган кыргыздардын этникалык пайдубалын төмөнкүлөр түзөт: а) бул

---

7 Дебетц Г. Ф. Проблема Происхождения киргизского народа в свете антропологических данных. // Труды киргизской археолого—этнографической экспедиции.— Москва, 1956. Т. I.—С. 12.

8 Қазақ совет энциклопедиясы.- А., 1976.- Т. VIII.- 118- б .

9 Петров К. И. Очерк происхождения киргизского народа. Ф., 1963.—С. 10.

10 Алексеев В. П. Хакасы, Енисейские Кыргызы, киргизы. // Труды киргизской археолого—этнографической экспедиции.— Москва, 1956. Т. I.—С. 127.

аймактарда байыртадан бери жашаган жергиликтүү түрк уруулары: карлуктар, уйгурлар, Караханий мамлекетине баш ийген уруулар. б) Борбордук жана Батыш Теңир—Тоолор менен Памир—Алай аймагына түндүк—чыгыш жана чыгыштан келген Борбордук Азиялык түрк тектүү уруулардын тобу. в) Монгол тектүү жана казак—ногой уруулары. 3. Азыркы Кыргызстандагы ар кандай калктардын келиши монголдордун мезгилине туш келет. Бул мезгилде этникалык ассимиляция бир канча уруулар арасында болгон[11]. Калмактар монголдорго физиономиялык жагынан окшош болушат. Бүгүнкү күндө кыргыз, казактардын ичинде калмак урууларынын бар экени белгилүү.

XIV—XVI кылымдарда кыргыз уруулары менен аралашып кеткен монгол тектүү уруулар бар. Алар: онгуб, баргы, коңурат (түрк тектүү болгону да айтылып жүрөт), катаган, баарын, найман, кереит жана меркиттер, кыязы, кодогочун, кара кунас жана ардай[12]. Булардан тышкары булгаачы, чоро, мунгуш, ойрот урууларынын кыргыз урууларына кошулгандыгы окумуштуулар арасында талаш—тартыш туудуруп келет. В. И. Юдиндин пикири боюнча балыкчы, барак, дуулат (кийинчерээк түрктөшкөн болушу мүмкүн) кушчу, монгол, моңолдор, нойгут сыяктуу уруулар монгол тектүү болуп кыргыздарга дагы кийинчерээк кошулган[13].

Кыргыздардын тарыхындагы окуяларга окшошгон маалыматтарды казак тарыхын изилдегенде да кездештирүүгө болот. Бул аймактарда монгол чабуулунан кийин этникалык түзүлүштө өзгөрүүлөрдүн болгондугун байкоого болот. Бул мезгилдерде бул аймактарда кыпчактардын калдыктары жашаган, ошол эле мезгилде айрым уруулардын каршы чыгуусуна карабастан монголдордун ийгиликке жетишип жайгашып калышы жергиликтүү элдин этникалык түзүлүшүнө таасир тийгизген. Буга чейин бул аймактардын каракытайлардын кол астында болгондугун да унутпообуз керек. Казакстандагы кыпчак уруулары казактардын антропологиясына белгилүү бир өлчөмдө таасир этикендиги маалым[14]. Бул окуялар мурунку түрктөшүү этабында (хун, түрк, уйгур) Казакстан аймагындагы кыпчактардын таасири казактардын ичиндеги бракисефал физиономиясынын басымдуулук кылышына себеп болгон. Каракытайлардан кийин келген монголдордун бул аймактарда жайылуусу жана узак убакыттар бою казактар менен аралашып жашашы физиономиялык жактан монголдошуу процессине таасир тийгизгендиги айдан ачык күбөсү боло алат. Бул мезгил ичинде монголдордун аскердик үстөмдүгү, кыргындар, салыктар, жер иштетүү жана соода жүргүзүүнүн аксашы казактардын негизги урууларын алсыздаткан.

Казактардын чоң урууларынын айрымдары этникалык эзүүгө чыдай албай бөлүнүп—жарылып батышка карай жер которгондугу жана монгол уруулары менен аралашып кеткени маалым. Монголдордун бөлүнүп—жарылып күчүнөн ажыраганга чейин казактардын чоң уруулары аскердик бирдик түзө алышкан эмес. XV кылымдан кийин гана бул уруулар жана монголдошкон түрк уруулары өз алдынча боло башташкан. Бул мезгилден баштап монгол урууларынын калдыктары

[11] Абрамзон С. М. Кыргыз жана кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер.— Бишкек, 1999.— 51—б.

[12] Абрамзон. С. М. Кыргыз жана кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер.—Бишкек, 1999.—35—б.

[13] Юдин В. И. Моголстан моголдорунун жана моголдорун уруулук курамы алардын казак жана башка кошуна элдер менен этникалык байланыштары жөнүндө. // ИАН КазССР. СОН.— 1965. —Вып.3.—59—61—б.

[14] Henkey G., Horvath I, Sincan ve Çin’deki Kazakların Fiziksel Antropolojileri İle İlgili Yeni Veriler, Türkler, C. I, Ankara, 2002, s. 540-543.

казакташа баштаган. Монгол аскер бирдиктеринин алсырашынан кийин гана аймактагы монголдор жергиликтүү калкка сиңип кеткен. Бул аралашуу жалпы казак элинин биримдүүлүгүнө таасирин тийгизген, саясий түзүлүштө да социалдык жактан биригүүгө түрткөн.

Этникалык ассимиляция аяктай электе казактар калмактардын кол салуусун туш болгон. Калмактар казактарды кыргынга учураткан. Казакстандын кээ бир аймактарын калмактар ээлеген. Калмактар монголдордон да ашкан ырайымсыз болушкан, калкты аеосуз кыргынга учураткан[15]. Калмактардын мезгилинде кыргыздар сыяктуу эле казактардын этникалык абалына терс таасирин тийгизип, айрым калмак уруулары жергиликтүү калк менен аралашып кеткен. Калмактардын этникалык түзүлүшүндө монгол компоненттери басымдуулук кылгандыгы үчүн казактарда да кыргыздар сыяктуу монголоиддик элементтер өзгөчө басымдуулук кылганы байкалат[16]. Алар: А. тобунда 28,8% Б тобунда 29,5%ти түзөт. Казактардын кан группалары O>A>B>AB[17]. Кандын түзүлүшү өтө кылдат изилденгенде казак, кыргыздарда 0 группасынын өтө окшош экени көңүлдү бурат.

Кан түзүлүшүнөн тышкары монголдор менен кыргыз, казактардын тери жагынан окшоштуктары жогорудагы таблицада көрсөтүлгөн. Кыргыздардын тарыхында кезиккендей айрым монгол уруулары казактардын ичине сиңип кеткен. Казак урууларынын ичинен: керей, меркит, найман, ойрот, уак жана башка майда уруулар монгол тектүү деп эсептелинет. Өзгөчө манжа түзүлүштөрү, сакалы, көкүрөк түктөрүнүн болушу, чачы, каштары, көз түзүлүшү (ички, тышкы), беттеринин жалпактыгы, мурундун таноолору, кулак, баш түзүлүшү Советтик археологдор тарабынан изилденип, монгол кыргыз, казактардын дене түзүлүшүдөгү окшоштуктар такталган.




**Казактардын байыркы дерматоглификалык натыйжалары боюнча Евразия калктарынын айырмачылыктары**[18].

Түштүк жана түндүк Кыргызстандын ортосундагы[19], ичкиликтер менен оң, сол канаттарынын[20] ортосундагы жана казак жүздөрүнүн ортосундагы[21] монголдорго окшоштуктар ийне жибине чейин изилденген.

Генетика илиминин изилдөөлөрүнө таянып, казактарды кыргыздардан, кыргыз

[15] Калмактар тууралуу караңыз. Моисеев В. А. Джунгарское ханство и казахи XVII-XVIII вв. Алматы, 1991.

[16] Исмағұлов О., К. Сиқымбаева. А. О. Исмағұлова. К. А. Пищулина. Б. Е. Көмеков. М. С. Мұқанов. Қазақ халқының қалыптасуы. // Қазақстан тарихы. А., 1998.- Т. II.- 269-б.

[17] Исмагулов О., К. Б. Сихимбаева, А. О. Исмагулова. Казак элинин пайда болуусунун антропологиялык аспектилери. // И СОН. Алматы, 1993.— № 1 (187).—28—29—б.

[18] Исмағұлов О., К. Сиқымбаева. А. О. Исмағұлова. К. А. Пищулина. Б. Е. Көмеков. М. С. Мұқанов. Қазақ халқының қалыптасуы. // Қазақстан тарихы. Алматы, 1998.- Т. II.- 272-б.

[19] Золотарева И. М. Соматологический исследования в Ферганской долине. // Труды киргизской археолого—этнографической экспедиции.— Москва, 1956. Т. I.—С. 62—63.

[20] Миклашевская Н. Н. Соматологический исследования в киргизии. // Труды киргизской археолого—этнографической экспедиции.— М.,1956. Т.I.—С. 30—61.

[21] Исмагулов О. Этническая антропология Казахстана Соматологическое исследование. Алма—ата, 1982.

казактарды монголдордон ажыратуу мүмкүн. Калктардын генетикалык өзгөчөлүктөрүн изилдөө медицинадагы жетишкендик катары кабыл алынып келет. Кайсы бир калктын этногенетикалык тарыхын изилдөөдө генетикалык жана антропологиялык изилдөөлөргө таянып, монголдордун кыргыз жана казактарга этникалык жактан таасир тийгизгенин анык көрүүгө болот. Ар бир калктын өтмүштө жер которуууга мажбур калган, демографиялык жактан ассимиляцияга учураган мезгили болгон. Этникалык жактан эч бир эл менен аралашпай жашаган калк жокко эсе. Ал эми кыргыздарда калктын 70%, казактарда 60% башка калк менен аралашкан. Мындай аралашууга жападан жалгыз этникалык факторлор себеп эмес. Ага саясий жана аскердик факторлор да себеп болгон.

## АДАБИЯТТАР


Абрамзон С. М. Кыргыз жана кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер.— Бишкек, 1999.

Алексеев В. П. Хакасы, Енисейские Кыргызы, киргизы. // Труды киргизской археолого—этнографической экспедиции.— Москва, 1956. Т. I.

Atabinen R. S. Doğu Avrupa'nın Uygarlığına ve Yerleşmesine Türklerin Katkıları, İ., 1981.

Cüveynî Alaaddin Ata Melik, Tarih-i Cihan Güşa (Terc: Mürsel Öztürk), Ankara, 1998.

Дебетц Г. Ф. Проблема Происхождения киргизского народа в свете антропологических данных. // Труды киргизской археолого—этнографической экспедиции.— Москва, 1956. Т. I.

Д'оссон К. От Чингизхана до Тамерлана. Алматы, 1996.

Henkey G., Horvath I, Sincan ve Çin'deki Kazakların Fiziksel Antropolojileri İle İlgili Yeni Veriler, Türkler, C. I, Ankara, 2002.

Исмагулов О. Этническая антропология Казахстана Соматологическое исследование. Алма—ата, 1982.

Исмағұлов О., К. Сиқымбаева. А. О. Исмағұлова. К. А. Пищулина. Б. Е. Көмеков. М. С. Мұканов. Қазақ халқының қалыптасуы. // Қазақстан тарихы. Алматы, 1998.- Т. II.

Исмагулов О., К. Б. Сихимбаева, А. О. Исмагулова. Казак элинин пайда болуусунун антропологиялык аспектилери. // И СОН. А., 1993.— № 1 (187).

Kalkan M. Orta Asya Türk Devletlerinde Ordu ve Savaş Stratejileri, İzmir, 1995.

Қазақ совет энциклопедиясы.- Алматы, 1976.- Т. VIII.

Лубсан Данзан. Алтан тобчи (Золотое сказание). Перевод с монгольского, введение, комментарний и приложения Н. П. Шастиной. М., 1973.

Миклашевская Н. Н. Соматологический исследования в киргизии. // Труды киргизской археолого—этнографической экспедиции.—М.,1956. Т.I.

Моисеев В. А. Джунгарское ханство и казахи XVII-XVIII вв. Алматы, 1991.

Петров К. И. Очерк происхождения киргизского народа. Ф., 1963.

Рашид ад-Дин. Сборник л□тописей. Исторія Монголовь. ТВОИАО. Спб., 1858.- Ч. V.

Юдин В. И. Моголстан моголдорунун жана моголдорун уруулук курамы алардын казак жана башка кошуна элдер менен этникалык байланыштары жөнүндө. // ИАН КазССР. СОН.—1965. —Вып. 3.

Золотарева И. М. Соматологический исследования в Ферганской долине. // Труды киргизской археолого—этнографической экспедиции.— М., 1956. —Т. I.